ABBYY FineReader 14 Click here to buy www.ABBYY.com
ABBYY FineReader 14 Click here to buy www.ABBYY.com

*Кол жазма укугунда*

**КАЛБЕРДИЕВ АБДИЛАЗИЗ РАХМАНБЕРДИЕВИЧ**

# ӨТМҮШТӨН КҮНҮБҮЗГӨ ЧЕЙИН КЫРГЫЗДАРДА АЛЛАХ ТҮШҮНҮГҮ

Адистиги 09.00.14 –Дин философиясы жана дин таануу

Философия илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын
изденип алуу үчүн жазылган диссертациянын

А В Т О Р Е Ф Е Р А ТЫ

Анкара – 2010

Изилдөө, Анкара университети гуманитардык илимдер институту негизги ислам илимдери кафедрасында аткарылган

**Илимий жетекчи:** теологиянын доктору, профессор ***Шабан Али Дүзгүн***

**Официалдуу оппоненттер:** теологиянын доктору, профессор **Ахмет Акбулут**
теологиянын доктору, доцент **Махмут Ай**
теологиянын доктору, доцент **Мехмет Эвкуран**
теологиянын доктору, доцент **Дурмуш Арык**

**Жетектөөчү мекеме:** Хитит университетинин негизги ислам илимдери кафедрасы

ABBYY FineReader 14 Click here to buy www.ABBYY.com

# ИШТИН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

Ислам динин кабылдаган Орто Азия элдери, кыска убакыттын ичинде, Курандын алкагында, Жаратkандын улуулугун даңазалап, адамга ыктыярдуулук ыйгарган ишеним системасына моюн сунушту. Бирок, арадан көп өтпөй, жалпы эле ислам дүйнөсүндө салмактуу орду болгон Ашариянын ишеним системасы Орто Азияга да жетип келди. Алар Жаратkандын чексиз күчүн, улуулугун даңазалашканы менен, жоопкерчилик дээрлик адамдан алынып, Улуу Затка жүктөлдү. Ал эми адам баласына мааниси анчейин ачык болбогон «касб» (теориясы) ыйгарылды. «Касб» акыл менен ыктыярдуулукту пендеден алганы менен, айрым учурларда бүдөмүк түрдө болсо да, адамдагы эрктүүлүк менен жоопкерчиликти жактап өтөт. Ошондуктан, ортозар фаталисттер деп айтууга ылайыктуу болгон Ашариянын теологиялык көз караштары, көпчүлүктүн назарында азыркыга чейин сакталып келет.

***Теманын актуалдуулугу.***Өзгөчө, соңку жылдарда диний түшүнүктөр диндештирилип берилип, диндин теориялык негизин түзгөн ыйман (ишеним) жана ибадат маселелеринин мазмуну айрымдары тарабынан татаалдаштырылып жаткансыйт. Ой жүгүртүүгө, акыл калчоого, өрнөк алууга багытталган Куран аяттары унутта калып, кандайдыр бир адамдын диний түшүнүгү негизги диний критерий катары каралып, коомдо ажырымдарды жаратууда. Албетте, эч бир диний түшүнүк дин боло албайт. Түшүнүктөр аты айтып тургандай, бирөөнүн аң-сезими, билим деңгээли, максат жана ниеттерине жараша калыптанат жана аларды ар дайым кемчилдиктер коштоп жүрөт. Ошондуктан, түшүнүктөрдүн качан, каерде, кантип пайда болгонун; кандай социалдык жана саясий негиздерге барып такаларын аныктоо, көпчүлүктүн дин жөнүндөгү түшүнүктөрүнүн өзгөрүшүнө себеп болот.

Кыргыз эли кылымдардан бери Ханафий-Матуридийлик*салтын* карманып келет жана ал азыркы учурда коомубузда салттуу ислам (түшүнүгү) деген термин менен аталып келүүдө. Салттуу ислам түшүнүгү, Курандын алкагында Жаратkандын улуулугун даңазалап, адам баласына ыктыярдуулук ыйгарган, мусулмандарды сабырдуулукка, кечиримдүүлүккө, эмгекчилдикке, адилеттүүлүккө, акыйкатка жана улууларга баш ийүүгө, абийирдүү, аң-сезимдүү жана жоопкердүү болууга үндөгөн окуусу менен таанымал. Мисалы; Жусуп Баласагын, идеалдуу болгон мындай өзгөчөлүктөрдү Кутадгу билигде төрт адамдын характери менен абдан таамай чагылдырып берген. Ал эми, акын-заманчылдардын ырларынын жалпы контекстти да бул өңүттө каралгандыгы жалпыбызга маалым.

Демек, ишеним жана адептеги улуулуктарды жогору коюп, кылымдарда калыптанган кыргыздардын салттуу ислам түшүнүктөрү тарыхта айрым адам, коом жана окуялардын таасирлерине тушукканы менен, биротоло бузулуп, же аралашып кеткен эмес. Жада калса, бир беткей көз карашты карманып келген Совет режими да динсиздештирүү, (тар мааниде Аллахсыздаштыруу) саясаты, демилгелери менен, кыргыз элинин

маданиятынын бир элементи болуп ордун тапкан салттуу ислам түшүнүгүн жоюп сала алган эмес. Анткени, кыргыздардын ишеним дүйнөсүнө байланышкан бардык өзгөчөлүктөрү, алардын жазма жана ооз эки маданиятынын ар бир бөлүгүнө сүңгүп кирип, изи каткан.

1989-жылдардан тартып, социализм менен капитализм жактаган дүйнөгө болгон көз караш өз маанилүүлүгүн жоготуп, дин жана диний баалуулуктардын индивидуалдык жана социалдык маанилери ашкере ачыкка чыгып, дүйнөдөгү тенденциялар да диндерге карап аныктала баштады. Диндин түз жана кыйыр түрдө эл аралык деңгээлдеги айрым маселелерди жөнгө салууда, негизги каражат катары колдонулуусу күчөдү. Ошол эле учурда, байлык менен бийликти негизги максат катары көрүп, жеке кызыкчылыктарын жогору койгондор аны гегомониялык саясаттын куралына айлунтууга кызыктар болуп келишет. Динди саясий курал катары колдонуу тарыхтын ар бир эле доорунда болуп келген. Бирок, өзгөчө, ааламдашуу жараяны менен ал, глобалдык гегомониянын, же болбосо, кандайдыр бир бийликти жыгууда ички саясаттын куралы болуп келүүдө.[1]

Аруу болгон ислам динин туура эмес түшүнүктөр менен булгап, коомду жаңылтууга далалаттанып келген адамдар абдан көп. Негизи, андай адамдар белгилүү мусулман философ аль-Кинди айткандай: «байлык менен бийликти негизги максат катары көргөндөр менен, жеке кызыкчылыктары үчүн динди колдонгондордо кызганычтын изи өчпөй, ой дүйнөсүн каптаган караңгы туңгуюк, акыйкат жарыгын көрүүгө тоскоол болот. Ашкере кызуу кандуу жана заалым душмандай маанай тартуулаган мындай адамдар, арам жол менен жеткен орундуктарын коргоо үчүн, жаман жорук, жагымсыз кыялдарын көрсөтүүдөн, ыймандуу жана ыкыластуу адамдарды каргап, кагуудан тажашпайт. Анткени, алардын негизги максаттары, динди колдонуу, максатка жетүү. Чындыгында, андай адамдар жетиштү диний сабатка деле ээ эмес. Болсо да, аларды сатып, жандары тынган.»[2]

Инсанды рухий жана материалдык бактылуулукка алып баруучу, коомду жана улуттарды өз ара мамилелерде ынтымакка, биримдикке багыттоочу дин, эгер, туура эмес талкууланып, туура эмес түшүндүрүлсө, бөлүп жаруучу каражатка айланып кетүү коркунучу бар. Ошондуктан, диний түшүнүктөрдү туура талдап, мамлекетибиздин коопсуздугуна шек келтирүүчү конфессиялардын идеологияларына жана ишмердүүлүктөрүнө татыктуу баа берип, коомубузга туура маалыматтарды жеткирүү замандын талабы.

Демек, жогоруда айтылгандардын баары, изилдөөнүн актуалдуулугун аныктап турат. Андыктан, дин кандайдыр бир адамдын жеке менчиги, жеке кызыкчылыктардын жана гегомониялык саясаттын куралы эмес экендигин калкыбызга жеткирүү, коомдодинге жамынылып аткарылган кылык-

---

[1] XX кылымда Түндүк Ирландияда тынымсыз болуп келген католиктер менен протестанттардын кагылуушулары, суннит-шиит келишпестиктери, 1979-жылдагы Иран төңкөрүшү мунун эң ачык далили боло алат.

[2]Kindi.***İlk FelseseÜzerine.*** //Kindi: FelsefiRisaleler. çev. Kaya Mahmut. – İstanbul: İzYayınları – 4-5-беттер.

жоруктардын төркүнүнүн эмнеге барып такаларын ашкерелейт. Дин менен диний түшүнүктөрдүн бир эле нерсе эмес экендиктерин үйрөтөт. Ал эми, кылымдарда калыптанган кыргыздардын Аллах түшүнүгү жана анын күнүмдүк жашоого чагылышын айкын сүрөттөө жана талдоо менен биз, түшүнүктөрдүн диндештирилип берилишине тоскоол болуп, коомубузга исламдын баалуулуктары жөнүндө туура маалыматтарды берген болуп эсептелебиз.

***Диссертациянын изилдениш деңгээли.*** Ислам динindeги Жаратканга болгон ишенимдин теориялык негиздери болгон ыйман маселелеринин түрдүү түшүнүктөрү орто кылымдардагы мусулман теологдордун эмгектеринен кеңири жай тапкан.[3] Соңку учурдагымусулман дүйнөсүндө бул багытта жазылган эмгектер да арбын кездешет.[4] Ошондой эле, биртоп чыгыш таануучунунбул маселеде жазган эмгектериобъективдүү мүнөздө чагылдырылган.[5]

Ал эми, Октябрь революциясынан мурунку кыргыздардын исламдык ишениминин теологиялык негиздерин камтыган эмгек болбогону менен,

---

[3] Аль-Ашарий Абуль-Хасан. ***Аль-Ибана ан усулуд дияна.*** –Медина, 1975; аль-Матуриди Абу Мансур Мухаммед ибн Мухаммед ибн Махмуд. ***Китабут Таухид.*** Кайрадан топтоштурган: Хулейф Фатхуллах. –Стамбул, 1979; Кады Абдулжаббар ибн Ахмад. ***Шархул усулул хамса.*** Кайрадан топтоштурган: Усман Абдулкарим. –Каир, 1988; Али бин Султан Мухаммед Кари. ***Давул меали.*** –Даарул тыбаатил амира,Хижрий. 1014; аль-Паздави Абул Юср Мухаммед. ***Китабу усулит таухид.*** Кайрадан топтоштурган: Linss Hans Peter. – Каир, 1383/1963; ан-Насафи Абул Муин Маймун бин Мухаммед. ***Табсыратул адилла фи усулуддин.*** Кайрадан топтоштурган: AtayHüseyin. (I том) – Анкара, 1993; ан-Насафи Абу Нафс Нажмуддин Өмөр бин Мухаммед бин Ахмад. ***аль-Акаид.*** – Каир, 1925; ат-Тафтазани Масуд бин Өмөр бин Абдаллах бин Садуддин. ***Шархул-Акаид.*** Кайрадан топтоштурган: Salame Claude. – Дамаск, 1974; аль-Ашарий Абуль-Хасан. ***Макалатул исламиййин вахтилафул мусаллийн.*** Кайрадан топтоштурган: Ritter Helmut. – Стамбул. 1929-1930; ас-Сабуни Нуриддин Ахмад бин Мухаммед бин Абу Бакр. ***аль-Мунтакаа фи исматул анбия.*** Стамбул Сулаймания китепканасы. Лалели. № 2426; Бакиллани Абу Бакр. ***аль-Инсаф.*** Кайрадан топтоштурган: аль-Кавсари Мухаммед Захид. – Египет, 1382/1928; ар-Рази Абу Абдуллах Мухаммед бин Өмөр бин Хусайн бин Хасан бин Али Фахруддин. ***Мафаатийхул гайб.*** – Стамбул, 1307/1308.

[4] İzmirli İsmail Hakkı. ***Yeni İlm-i Kelam.*** I-II. Cilt. – İstanbul, 1339/1343 (Хижрий жыл наамасы); Bilmen Ömer Nasuhi. ***Muvazzah İlm-i Kelam.*** – İstanbul, 1959; Atay Hüseyin. ***Kuran'a Göre İman Esasları.*** – Ankara: Atay ve Atay Yayınları, 1998; Atay Hüseyin. ***Ehl-i Sünnet ve Şia.*** – Ankara: Ankara Üniversitesi İlahiyat Fakültesi Yayınları, 1983; Fığlalı Ruhi Ethem. ***Çağımızda İtikadî İslam Mezhepleri.*** – İstanbul: Selçuk Yayınları, 1990; Özcan Hanefi. ***Epistomolojik Açıdan İman.*** – İstanbul: İFAV Yayınları, 1992; Hanefî Hasan. ***İslamî Araştırmalar.*** ter: Durusoy İbrahim Aydın-Ali. – İstanbul: İnsan Yayınları, 1998; Kutlu Sönmez. ***İslam Düşüncesinde İlk Gelenekçiler.*** – Ankara: Kitabiyat Yayınları, 2000; Çelebi İlyas. ***İslam İnancında Gayp Problemi.*** – İstanbul: İFAV Yayınları, 1996; Düzgün Şaban Ali. ***Sosyal Teoloji.*** – Ankara: Akçağ Yayınları, 1999; Yeşilyurt Temel. ***Tanrının Aşkınlığı Bağlamında Ru'yetullah Sorunu.*** – Malatya: Kubbealtı Yayınları, 2001;Абдух Шейх Мухаммед. ***Рисаалатут Таухид.*** – Каир, 1956; аль-Фанди Мухаммед Жамалуддин. ***Аллах вал кавн.***– Египет, 1976; аль-Майдани Абдуррахман Хабаннака. ***Бараахийну ва адиллатун имаанииййатун.*** – Дамаск, 1408/1987; аль-Аккад Аббас Махмуд. ***Аллах.*** – Египет, 1964;Важди Фарид. ***аль-Ислам фи асрил илм.*** – Бейрут, 1967; Полосин Али Вячислав. ***Прямой путь к богу.*** – Москва: Ладомир, 2000.

[5] İzutsu Toshihiko. ***Kur'an'da Allah ve İnsan.*** çev: Ateş Süleyman. – İstanbul: Yeni Ufuklar Neşriyat; Montgomery W. Watt. ***İslami Tetkikler İslam Felsefesi ve Kelamı.*** – Ankara: Ankara Üniversitesi İlahiyat Fakültesi Yayınları, 1968; Madelung W. ***Dinî Ekoller ve Mezhepler.*** çev: Ünal A. Bülent. – İzmir, 2001.

ABBYY FineReader 14 Click here to buy www.ABBYY.com

алардын ишенимдик негиздеринин айрым өзгөчөлүктөрүн камтыган чыгармалар жок эмес.[6]

Динди жана коммунизмден башка идеологияларды четке каккан совет адамын тарбиялоого багытталган СССРдин негизги идеологиялык саясаты болсо, атеизмдик философиялык доктринаны жактаган жана бул багытта абдан көп пропагандалоочу материалдар басылып чыккан.[7]

Кайра куруу, андан ары көз карандысыздык менен бирге өтмүштү, улуттук жана диний баалуулуктарды объективдүү түрдө кароо жана баалоо мүмкүнчүлүгү жаралганы менен, өзгөчө, диний жааттагы изилдөөлөр жетиштүү деңгээлде жүргүзүлбөй келет. Албетте, мында теолог жана дин таануучу адистердин таңкыстыгын башкы себеп катары көрсөтүүгө болот. Бирок, Кыргызстан жана КМШ өлкөлөрүндө бул багытта аткарылган изилдөөлөр да жок эмес.[8]

***Изилдөөнүн максаты жана милдеттери.***Теманын актуалдуулугун жана диссертациянын изилдениш деңгээлин эске алганда, иштин негизги максаты,IX-X кылымдарда жашаган Орто Азиялык аалым Имам Матуриди жана Ирактык аалым Имам Ашаринин Аллах түшүнүктөрүнүн кыргыздардын дүйнө таанымына таасирин чагылдыруу болуп эсептелет.

Ал эми, бул максатты жүзөгө ашырууда төмөнкүдөй милдеттер аткарылды:

- кыргыздардын дүйнө таанымына таасир берген түшүнүктөрдүн жайылуу жараянынын алгачкы этаптарындагы булактардын өзгөчөлүктөрүн баалоо;
- элибиздин легендарлуу агартуучуларынын дүйнөгө болгон көз караштарында жана оозеки маданиятта Аллах түшүнүгүнүн ордун кароо;
- заманчыл жана демократ акындардын эмгектеринен маселеге байланыштуу өзгөчөлүктөрдү талдоо;

---

[6]Бай уулу Калыгул. ***Насыят, санат ырлары***. //Мурас. Түзгөн: Абдылдаев Мелис Курманалы уулу. – Фрунзе: «Кыргызстан», 1990; Буйлаш уулу Арстанбек. ***Тар заман.*** //Мурас. Түзгөн: Абдылдаев Мелис Курманалы уулу. – Фрунзе: «Кыргызстан», 1990; Молдо Кылыч. ***Зар заман.*** //Мурас. Түзгөн: Абдылдаев Мелис Курманалы уулу. – Фрунзе: «Кыргызстан», 1990; Молдо Нияз. ***Санат Дигарасттар.*** – Бишкек: «Учкун», 1993; Табышалиева Анара.***Вера в Туркестане.*** –Бишкек, 1993; Талып молдо.***Кыргыз тарыхы, уруучулук курулушу, түрлүү салттар.***латын тамгасынан көчүрүп, редакцияга даярдаган: Акматов К.//Кыргыздар. түзгөн:Жусупов К. II том. –Бишкек: «Кыргызстан», 1993; Сыдык уулу Осмоналы.***Мухтасар тарых кыргызия.*** которгон: Карасаев Х.//Кыргыздар.Түзгөн: Жусупов К. I том. –Бишкек: «Кыргызстан», 1991.

[7]Вагабов Михаил Вагабович– ВагабовНариман Михайлович.***Ислам и Вопросы Атеистического Воспитания.***–Москва: «Высшая школа», 1988; ***Воспитать атеиста***. Под общей редакцией Угринова Д. М. –Москва: «Мысль», 1988; Дорженов Сакен Базелбаевич. ***Ислам бүгүнкү күндө.*** –Фрунзе: «Кыргызстан», 1980; Саидбаев Талиб Сарымсакович. ***Ислам и Общество***.–Москва: «Наука», 1984.

[8]Молдалиев О.А.***Исламизм и международный терроризм: угроза ислама или угроза исламу?*** –Бишкек, 2004; Молдалиев О.А. ***Ислам и Политика: политизация ислама или исламизация политики?*** – Бишкек, 2008; Малашенко А. ***Ислам и политика в государствах Центральной Азии*** // Центральная Азия и Кавказ. – 1999. – № 4(5);Ислам на постсоветском пространстве: взгляд изнутри / Под ред. Малашенко А.В., Олкотт М.Б. – М., 2001; Мамаюсупов О.***Вопросы (проблемы) религии на переходном периоде.*** – Бишкек, 2003; Козукулов Т. Ибрагим

ABBYY FineReader 14 Click here to buy www.ABBYY.com

- Совет доору жана атеисттик коомду түзүү саясаты жана алардын натыйжаларын талдоо;
- Дин жана диний түшнүктөрдүн бир эле нерсе эмес экендигин ачып берүү.

***Изилдөө объектиси.*** Кыргыздардын диний аң-сезими.

***Изилдөө предмети.*** Кыргыздардын дүйнө таанымындагы Аллах түшүнүгүнүн теориялык негизи, тарыхый этаптары, тенденциясы жана өзгөчөлүктөрү.

***Гипотезалар.***

- Кыргыздар башка Орто Азия элдери сыяктуу салттуу ислам түшүнүгү катары каралган Ханафи-Матуриди салтын карманып келгени менен, Ашария мазхабына таандык айрым түшүнүктөрдүн алардын дүйнө таанымына таасир бар;
- коомчулукта кыргыз эли Ханафи-Матуриди салтын карманып келишет деп айтылганы менен, көпчүлүк дин менен дин түшүнүгү арасындагы ажырымды айырмалап биле албай, ар кандай түшүнүктөрдү (салттуу ислам, радикал ислам, ваххабизм, салафизм ж.б.у.с.) ислам деп билет.

***Изилдөөнүн методдору жана методологиялык негизи***, илимде кеңири колдонулган историзм жана объективизмдин принциптерине таянылган. Ошондой эле, каламдын[9] (ислам теологиясынын) негизги методдору болгон индукция (арапча: истикра), дедукция (арапча: талил) жана аналогия (арапча: тамсил) методдору кеңири колдонулуп, маалыматтар анализденген.

***Изилдөөнүн булактары:*** Илимий, илимий-популярдуу, эпикалык жана дидактикалык адабияттар, илимий-практикалык конференциялардын материалдары, жыйнактар, энциклопедиядар, сөздүктөр, диссертациялар, мезгилдүү басылмалар, Кутадгу билиг, Дивану лугатит түрк, Амали касидасы жана интернет булактарына жарыяланган маалыматтар кеңири колдонулду.

***Илимий жаңылыгы.*** Жетиштүү деңгээлде изилденбей келген диний тармакка байланыштуу маселе, илимий негизде изилденип, кыргыздардын дүйнө таанымына багыт берген диний түшүнүк жана баалуулуктар комплекстүү түрдө анализденди жана алардын артыкчылык менен кемчилдиктери талданды. Ошондой эле, кыргыздардын ишеним дүйнөсүнө байланышкан таанымдардын негиздери арап, түркий жана кыргыз тилдериндеги оригиналдуу адабияттардын негизинде анализденди.

***Диссертациянын теориялык жана практикалык баалуулугу.*** Кыргыздардын диний аң-сезими жана андДиссертациялык иш илимий монография түрүндө жарыяланып, дин таануучуларга, илимий кызматкерлерге, жогорку окуу жайдын мугалимдерине, изилдөөчүлөргө,

[9] Ислам философия боюнча атайын өз алдынча илим болгондугуна байланыштуу, каламды ислам теологиясы деп түшүнүүгө болот.

студенттерге, жалпылап алганда, кыргыз элинин диний тарыхына жана маданий мурастарына кызыккан китеп окурмандарына сунушталды.

***Коргоого сунуш кылынган жоболор жана натыйжалар.***

· Исламдашуу жараянын алгачкы этаптарынан баштап эле кыргыздар, салттуу ислам түшүнүгү деп айтылып келген Ханафи-Матуриди салтын карманып келишкен. Бирок, жалпы эле ислам дүйнөсүндө салмактуу орду болгон Ашариянын теологиялык түшүнүктөрү, өзгөчө, суффизм жолу аркылуу Орто Азияга да жетип, Орто Азия элдеринин дүйнө таанымдарына таасир бере баштаган.

· Эл оозунда айтылып келген фаталисттик мүнөздөгү айрым элемент жана мотивдер, заманчыл-акындардын доорунда өз маанисин жоготпогону менен, демократ-акындар аларды сынга алып келишкен.

· Совет доорундагы динсиздештирүү/кудайсыздаштыруу иш-аракеттери коомдук түшүнүктөрдү түп тамырынан өзгөртүүгө, динди, диний идеология жана баалуулуктарды четке каккан жаш муунду өстүрүүгө багытталган. Бул иш-аракеттерди аткаруу милдети болсо, (марксисттик) атеизмге жүктөлгөн.

· Кыргызстандын эгемендүүлүктүн алгачкы күндөрүнөн баштап кириптер болгон саясий, экономикалык, маданий, диний, укуктук жана идеологиялык кыйынчылыктар менен болгон күрөшү күнүбүзгө чейин уланып келет. Өзгөчө, диний тармактагы проблемалар күн өткөн сайын кеңири кулач жайып келүүдө. Мунун эң башкы себептери: экономикалык каатчылык, СССР доорундагы илимий атеизмдин иш-аракеттеринин жемиши болгон руханий боштук жана мамлекеттин туруктуу диний саясатынын жоктугу.

· Түшүнүктөрдөн пайда болгон проблемалар диндештирилип берилүүнүн натыйжасында, бирөөнүн аң-сезими, билим деңгээли, максат жана ниеттерине жараша калыптанган түшүнүктөрдөн пайда болгон кемчилдиктер диндик мазмунда каралып келет.

· Кыргыз коомчулугунда, өзгөчө, фаталисттик жана коркууга ыкталган айрым түшүнүктөр адам жашоосуна багыт берүүчү факторлордон болуп эсептелет.

***Изилдөөнүн апробациясы.*** Изилдөөгө алынган илимий-теориялык жоболор, темага байланыштуу айрым маселелер Түркия Республикасынын Эрзурум, Анкара, Самсун шаарларында өткөн ислам теологдору жана дин таануучулардын конференциясында, 2004-жылы Ош мамлекеттик университетинде болуп өткөн «Борбордук Азиядагы Ислам» эл аралык конференциясында, 2012-жылы Кыргыз-Түрк Манас университети тарабынан уюштурулган «Орто Азияда Ислам маданияты» II эл аралык симпозиумунда, илимий журналдарда жана тегерек столдордо талкууланган. Ош мамлекеттик университетинин теология факультетинде окутулган калам (богословия), ислам агымдар тарыхы предметтеринин лекциялык материалдарында жана семинардык сабактарда каралып, оң баасын алган. Ошондой эле, изилдөө Ош мамлекеттик университетинин

ABBYY FineReader 14 Click here to buy www.ABBYY.com

2013-жылдын 3-апрелиндеги Окумуштуулар Кеңешинин № 6 жыйынынын чечими менен басмага сунушталып, китеп окурмандарына сунушталган.

***Иштин көлөмү жана структурасы.***Диссертациялык иш жалпысынан бет жана ал, киришүү, үч бөлүм, корутунду жана пайдаланылган адабияттардын тизмесинен турат.

## ДИССЕРТАЦИЯНЫН НЕГИЗГИ МАЗМУНУ

***Киришүүдө,*** кыргыздардын социалдык, саясий, диний тарыхы жана алардын ислам динин кабылдоолору менен доктриналарынын өзгөрүшү чагылдырылган.

***Кыргыздардын социалдык жана саясий тарыхы.***

Кыргыздар Орто Азиядагы эң байыркы элдерден болуп эсептелгени менен, алардын учурдагы жалпы саны 5 миллиондун айланасында гана. Дүйнөдөгү кыргыздардын 77 %ы Кыргыз Республикасында жашашат. Кыргыздарга эң жакын түрк элдери болуп хакастар, алтайлыктар, тувалар, каракалпактар жана казактар эсептелишет.

Кыргыздар жөнүндө алгачкы маалымат б.з.ч. 201-жылдарга тийиштүү кытай булактарында кездешет. Изилдөөчүлөр кытай булактарында баяндалган Гегун жана Гяньгундардын кыргыз экендиктерин белгилеп өтүшөт. Бирок кыргыз деген сөз тарыхта биринчи болуп б.з. 735-жылында тигилген Энесай-Орхон жазууларында берилген.

Кыргыз сөзүнүн түпкүрү жана этимологиялык жактан мааниси жөнүндө түрдүү көз караштар бар. Алардын арасынан, өзгөчө, Осмоналы Сыдык уулу, Үсөйүн ажы жана Талип молдо сыяктуу санжырачы-тарыхчылардын «кыргыз» сөзүнүн энчилүү ат экендиги жөнүндөгү көз караштары менен тарыхчы-этнограф Радловдун кыргыздын кырк жүздөн (курк уруу) таркагандыгы жөнүндөгү көз карашы акылга чак келет.

Кыргыздардын түрк элдеринен бири экендигин көпчүлүк изилдөөчүлөр айтып келишет. Бирок эски кытай жазма булактарында жана кээ бир ислам тарыхчыларынын чыгармаларында кыргыздардын *«дээрлик бойлуу, сары чачтуу, кызыл жүздүү жана көк көздүү»* экендиктери сүрөттөлүп, алардын ата теги славяндарга барып такалары баяндалат. Ошол эле учурда кээ бир изилдөөчүлөр кыргыз жана башка бир канча түрк тектүү элдердин тамыры сактарга барып такалаарын жана фарстар менен тек жагынан байланышы бар экендигин айтып келишет.

Кыргыздардын ата журттары туурасында түрдүү көз караштар бар. Кээ бир булактарда кыргыздар эзелтен бери Теңир тоонун этектерин мекен тутуп жашап келишкендиктери баяндалат. Көпчүлүктү түзгөн изилдөөчүлөрдүн пикири боюнча, кыргыздардын ата журту учурдагы Монголиянын түндүк батышында орун алган Хиргис өрөөнү жана Кыргыз-Нур көлү менен, түштүк Сибирь, Орхон жана Энесай дарыяларынын жээктери, Саян, Алтай тоолору экендигин белгилешет. Ал эми кыргыздардын Теңир тоого качан келишкендиктери жөнүндө да орток көз караш жок. Бирок, айта кетчү жагдай, кыргыздардын бул аймакта

ABBYY FineReader 14 Click here to buy www.ABBYY.com

отурукташуусу кылымдарды камтыган узак тарыхый процессти ичине камтыйт жана бул тарыхый процесс кыргыздардын исламдашуусу менен дагы тыгыз байланышта.

Кыргыздар б.з.ч. 201-жылдан тартып ушул күндөргө чейин бир канча жолу мамлекет курушкан. Бирок көпчүлүк учурда алар түрдүү мамлекеттердин карамагында жашап келишкен. Мисалга алсак: кыргыздар алгач Гунндардын, андан кийин Көктүрктөр, Уйгурлар, Караханиддер, Каракытайлар, Монголдор, Чагатай мамлекети, Амир Темирдин бийлиги, Кокон хандыгы жана аягында орустардын бийлигине баш ийишкен.

***Кыргыздардын исламдан мурунку диний ишенимдери.***

Кыргыздар ислам динин кабылдоодон мурун шаманизм динин тутунуп келишкен. Алар Көкө Теңирге сыйынып, сууну, отту, тоону, мазарларды ж.б. нерселерди ыйык деп эсептешкен. Ошондой эле Умай эне жана ата-бабалардын арбактары ар дайым урпактарын колдоп турат деп ишенишип, аларга багыштап курмандык чалып турушкан.

Ошондой эле, айрым булактарда бир канча кыргыз урууларынын манихеизм, буддизм жана несториан (христиандык бир секта) динин тутунушкандыктары жөнүндө дагы сөз козголот.

***Кыргыздардын ислам динин кабылдоолору жана доктринанын өзгөрүшү.***

Кыргыздардын ислам динин кабылдоосу тууралуу түрдүү көз караштар бар. Айрым изилдөөчүлөр кыргыздардын исламдашуу процессин X кылымдан XIX кылымга чейинки убакытты камтыганын айтышса, ал эми айрымдары исламдашуу процессинин XVI кылымдан тартып XVII жана XVIII кылымдарга чейин улангандыгын, мында да тарикатчылардын зор роль ойногондуктарын белгилеп өтүшөт. Бирок бул жерде айта кетчү нерсе, кыргыздардын исламдашуу жараяны азыркы Монголиянын түндүк батышындагы Хиргис өрөөнү жана Кыргыз-Нур көлү менен Орхон, Энесай аймактары жана Саян, Алтай тоолорунан Теңир тоого болгон көчтөр менен тыгыз байланышта. Анткени, кыргыздардын түштүк аймактарга жер которуулары алардын ислам менен жакындан таанышууларына жана аны кабылдоолоруна негиз болгон.

***Биринчи бөлүмдө,***кыргыздардын исламдашуу жараянынын алгачкы доорунда жашаган Жусуп Баласагын, Махуд Кашгари жана Сиражуддин аль-Ошийдин эмгектериндеги Аллах жөнүндө түшүнүктөрдүн негизги өзгөчөлүктөрү каралат.

Ишеним жаатында Матуриди тарабынан пайдубалы түптөлгөн салттуу ислам түшүнүгү, ушул күнгө чейин кыргыз элинин дүйнө таанымына багыт берип келет. Бирок, суффизм жана тарикаттар аркылуу Ашариликке тийиштүү айрым көз караштар да бул түшүнүктөрдүн ичинде каралып келет. Кыргыздардын мусулмандашуу жараянын алгачкы доорунан тартып эле өз таасирлерин үзбөй келген суффизм Жусуп Баласагын менен Махмуд Кашгаринин дүйнө таанымдарына терең таасир калтырган. Мисалы; Жусуп Баласагын менен Махмуд Кашгари бакыттын жолу ыймандуулук менен ыкластуулукта, ал эми ыйман менен ыкластын булагы

тасаввуф, тарикат жана ибадатта экендигин белгилеп өтүшөт. Жада калса, Жусуп Баласагын символикалуу түрдө акыретти туюндурган Одгурмышты китебинде эң негизги каарман катары сүрөттөйт. Бирок, Сиражуддин аль-Ошийдин чыгармасы «Амали» касидасы далилдеп тургандай, түрктөрдүн арасынан чыккан Имам Матуридинин ишенимдик түшүнүктөрү жалпы түркий элдердин дүйнөгө болгон көз караштарына багыт берип, аларды бекем ишеним, кайрымдуулук жана сабырдуулукка үндөп келген. Демек, Матуридиликтин пайда болуусуна түрткү болгон Абу Ханифанын чыгармалары, Матуридинин көз караштары, Насафи, Самаркандилердин эмгектери, Сиражуддин аль-Ошийдин «Амали» касидасы, салттуу түшүнүктөрдүн бул аймактарда кеңири жайылгандыгынын күбөсү.

***Экинчи бөлүмдө,***Кет Бука, Асан кайгы, Толубай сынчы, Санчы сынчы, Жээренчи чечен жана Токтогулга окшогон көчмөн кыргыз элинин легендарлуу агартуучуларынын теологиялык түшүнүктөрү жөнүндө сөз козголуп, алардын диний түшүнүктөрүнүн тасаввуфтук (суфийлик) мүнөздө калыптангандыгы белгиленет. Ошондой эле, кыргыздардын оозэки маданиятында аят-хадистердин салмактуу ордунун бар экендиги берилип, кыргыздардын кылымдарды карыткан, сөздөрдүн каймактары болгон дидактикалык баалуулуктары Аллахка болгон ишеним менен коштолуп, жашоого маңыз берип келгендиктери баяндалат.

Ал эми,Совет өкмөтүнүн иделогиялык максат жана кызыкчылыктарынын негизинде жектеп келген заманчыл-акындардын көз караштарынын өзөгүн кыяматка жакындашып бараткан***«замана»*** темасы түзсө, демократ-акындардын дүйнө таанымдарынын өзөгүн адамды аздектеген ***«дүнүйө»***темасы түзөт. Бул өзгөчөлүктөр эки агымдын жашоого жана дүйнөгө болгон ой-тутумдарынын түрдүү чекиттен башталгандыгын далилдеп турат. Бирок, демократ-акындардын «дүнүйө» контексинин ичинде караган маселелери көпчүлүк ойлогондой атеисттик мазмунда эмес. Алар жашоо жана андагы ырыскы, ниматтардын түбөлүктүү эмес экендиктерин белгилешип, ар бир адамдын ошол ырыскы-ниматтардан пайдаланып калышын жактап келишкен. Тагыраагы, заманчылдар маселени кыяматка жакындашып бараткан убакыт жагынан карашса, демократтар баарына жеткен ниматка бай мейкиндик түшүнүгүнүн негизинде талдашкан. Демократтар, коомдук теңсиздик жана буга байланыштуу маселелерди ак чечүүнүн жолун издеп, индукциялык метод аркылуу жаман жорук, жагымсыз кыялдарды ашкерелеп келишкен. Канчалык деңгээлде, алардын атеист экендиктери айтылбасын, алардын биртоп философиялык-моралдык ой-тутумдары ***адам-коом-диний түшүнүктөрдүн*** негизинде калыптангандыгын айтууга болот.

Ал эми, заманчылдар салттуу ислам түшүнүгүнүн ар бир элементин жактап келишкен. Жада калса, исламдын жаюлуусуна жан үрөп кызмат кылган XII кылымдын ойчул-аалымы Ахмад Ясавийдин жолун жолдоп, колунан комузун түшүрбөй, ырлары менен социалдык, экономикалык жана саясий маселелерди терең чагылдырып, коомдогу руханий проблемаларга кеңири орун беришкен. Демек, заманчыл-акындар менен демократ-

акындардын негизги талаптары социалдык теңдикти, адилеттүүлүктү жана акыйкаттыкты камсыз кылуу болгон. Болгону, заманчылдар хаостон чыгуунун жолу катары исламды дини тартуулаган адеп-ахлакты сунушташкан.

Бирок, Ашариянын ишеним системасындагы айрым түшүнүктөр кыргыздарда калыптанган Ханафи-Матуриди салты менен аралашып, коомдо ортозар фаталисттик түшүнүктөрдү пайда кылган. Тактап айтканда, алар Жаратkandын чексиз күчүн даңалашканы менен, жоопкерчилик дээрлик адамдан алынып, Улуу Затка жүктөлгөн. Ал эми адам баласына мааниси анчейин ачык болбогон касб теориясы ыйгарылган. Касб, ыктыярдуулук менен жоопкерчиликти пендеден алганы менен, айрым учурда бүдөмүк түрдө болсо да, адамдагы эрктүүлүк менен жоопкерчиликти жактап өтөт.

Кыргыздар арасында калыптана баштаган Ашариянын фаталисттик *ой-тааныmы*,канчалык деңгээлде *«Жаратканды даңазалоо максатында»* сунушталганы менен, ал негизинен, Жаратуучуну эч нерсени ойлонбогон; деспот; акылман, боорукердик, мээримдүүлүк жана адилеттүүлүк деген улуу өзгөчөлүктөрдү билбеген мүнөздө чагылдырып коет. Албетте, мындай түшүнүктөр, өзгөчө, Совет доорунда диндештирилип бериле баштаган. Режим жактаган атеизм болсо, ислам адамдан ашкере моюн сунуучулукту талап кылат, теократиялык башкаруу системасы менен карапайым калкты алдайт, жамандык проблемасына (theodicy)жооп бере албайт, фаталисттик түшүнүктөрдү үгүттөйт жана эсхатологиялык термин жана мотивдер менен адам баласын кулга айлантууга аракет кылат деген сындар менен ишенүүчүлөрдү динден узактатууга аракет кылган.

***Үчүнчү бөлүмдө,***диний түшүнүктөрдөгү кемчилдиктер, атеисттик коомду куруунун натыйжасында ашкере сындалган диний баалуулуктар, руханий боштук жана анын негизинде пайда болгон жаңы көрүнүштөрберилет.

Кыргызстан бир кылым ичинде ар кандай кырдаалдарды башынан өткөрүп, түркүн түшүнүктөрдүн түркүгүндө төп айланып, ордун табууга аракет кылып келе жаткан чагы. Өзгөчө, динсиздештирүү/ Аллахсыздаштыруу саясаты, руханий боштук жана түрдүү дин, жамаат жана агымдардын арасындагы чыңалуулар менен башталган бул процесс учурда саясий ислам[10], улутчулдук жана батышчылдыктарга окшогон ар кандай түшүнүктөр менен уланып келүүдө.

Ал эми, мындай хаос акыбалынын чыгуунун жолун айрымдары теңирчиликтин издей башташты. Теңирчилик алгач улуттук идеология катары сунушталганы менен, кийинчерээк ата-бабалар тутунуп келген дин деп айтылып, анын теологиялык системасы аттуу-баштуу адамдар

---

[10] Проблемалардан чыгуунун жолун исламдан издешип, аны динден ары идеология да боло ала тургандыгын белгилешкендердин орток көз караштары ушул терминдин негизинде берилип келет. Караңыз: Onat Hasan. ***Türkiye'de Din Anlayışında Değişim Süreci.*** –Ankara: Ankara Okulu Yayınları, 2003.– 72-73-беттер; Fuller Graham. ***Siyasal İslam'ın Geleceği.*** Çev: Acar Mustafa.– İstanbul: Timaş Yayınları, 2004. – 22-23; 103-114-беттер.

ABBYY FineReader 14 Click here to buy www.ABBYY.com

тарабынан кайрадан курула баштады. Ошондуктан теңирчиликтин теологиялык системасында орток пикир кездешпейт. Айрымдарынын пикирлеринде теңирчиликтин теңир түшүнүгү деисттик мүнөздө берилсе, айрымдарынын көз караштарында ал пантеисттик өзгөчөлүктү камтып турат. Ал эми бир тобу аны генотеисттик мүнөздө сүрөттөшөт. Ошону менен бирге, теңирчиликтин ишеним жана ибадаттарынын ирээтсиздиги, системалуулугунун жоктугу, ишеничтүү деп эсептелген булактардагы кайчы пикирлер, мифологиялык элементтердин, ашкере аңгеме-ырлардынжана парадокстардын арбындыгы анын ар дайым сын көз караштарга ачык экендигинин далили.

Негизи, кыргыз коомчулугунун дүйнө таанымына багыт берип, салтка айланган айрым диний түшүнүктөрдөн пайда болгон проблемалар динди жаманатты кылып, айрымдарын динден бездирген. Мисалы; адамдын эрктүүлүгүнө чек коюп, Жаратkандын деспоттугуна ишарат кылган жана коркууга ыкталган түшүнүктөрдүн диндин өзү эмес, диний түшүнүктөр экендигин көпчүлүк биле бербейт. Бирок, атеисттер менен ориенталисттердин айрымдары, мындай түшүнүктөрдү максаттуу түрдө диндештирип берип, аны кудайга куулук тартуулаган ишеним катары көрсөтүп келишкен.

Чындыгында, Матуриди жана Матуридилик салтында алгачкы кадам Жараткандын улуулугу менен адилеттүүлүгүн далилдап, адамдагы ыктыярдуулукту белгилөө менен башталат. Мындай кадамы менен алар Ашари түшүнүгүндөгү Жараткандын деспоттугун жок кылып, Аллах-адам арасындагы байланышты Жараткан-пенде байланышынын негизинде карашат. Болбосо, Матуриди салты ибадат, пайгамбарлар, ыйык китептер, дуба-бата, сооп-күнөө, адал-арам, жакшы-жаман, бейиш-тозоктун мааниси калбайт деп белгилешет. Ошондуктан алар адамдагы ыктыяр, эрктүүлүктү чануу туура эмес, анткени Жараткан аракет кылганга берекетин сөзсүз берет жана бул ойлор акыл менен да, Куран менен да тастыкталган деп ишенишет.

Ал эми,**иштин корутунду бөлүмүндө** изилдөөдөн келип чыккан жыйынтыктар берилди.

Калам тармагында өзгөчө маанилүүлүккө ээ болгон Абу Мансур аль-Матуридини жалпы түрк-ислам маданиятынын эң чоң жемиши катары баалоого болот. Анткени, анын оригиналдуу теологиялык көз караштары кыска убакытта Орто Азияда тамыр салып таркалууга жетишти. Анын жолун жолдогон шакирттер ортого чыгып, көз караш, түшүнүктөрү мусулман түркий элдердин жүрөктөрүнүн түпкүрүнөн байыр алды. Бирок кийинчерээк Жакынкы Чыгышта салмактуу орду болгон Ахли сүннөттүн башка бир колу – Ашаринин көз караштары да Орто Азияга жайыла баштады. Канчалык деңгээлде көпчүлүк өздөрүн Матуридинин

тараптарлары катары көрүшсө да, айрым маселелерде ал нерсе жалгыз сөздө калган. Өзгөчө Ашаринин пикирлерине таандык ***«касб»*** теориясы менен ашкере жазмыш түшүнүгү Орто Азия элдеринин арасынан колдоого алына баштаган. Натыйжада бул түшүнүктөрдүн жыйындысы кыргыздарда *«бешене жазуусу», «жазмышка»* окшогон сөздөр менен калыпташкан формага айланган.

Ишеним жаатында Матуриди тарабынан пайдубалы түптөлгөн салттуу ислам түшүнүгүнүн айрым элементтеринин Ашариликке оошунда тасаввуф жана тарикаттардын өзгөчө орду бар деп айтууга болот. Анткени көпчүлүк тарикаттардын теологиялык системасы мына ошол Ашариликке барып такалат. Кыргыздардын исламдашуу процессинин алгачкы жылдарынан баштап эле өз таасирлерин үзбөй келишкен бул тарикаттар Жусуп Баласагын жана Махмуд Кашгаринин да дүйнөгө болгон көз караштарына багыт берген. Өзгөчө Баласагындык Жусуп чыгармасы «Кутадгу билигде» эң негизги каарман катары символикалуу түрдө акыретти туюндурган эшен-калпа Одгурмышты сүрөттөшү жана китептин жалпы мазмуну белгиленген ойду тастыктап турат. Бирок тасаввуф жана тарикаттар канчалык деңгээлде бул аймактарда алгылыктуу иш алып барышканы менен, ал учурда Матуридилик демилгени колдон түшүргөн эмес. Мисалы: Сиражуддин аль-Ошийдин «Амали» чыгармасынын бардык аймактарга кеңири таркалышы – мунун эң негизги күбөсү. Ошондуктан кийинки убактарда негизинен XII кылымдан тарта Ясавийлик, Кадирий жана Накшибандийликке окшогон тарикаттар менен бирге плансыз жана максатсыз түрдө Ашарилик салтынын айрым элементтеринин Орто Азияда сиңе баштаганын айтууга болот.

Мунун негизинде XIII-XVII кылымдарда жашагандыктары маалым Кетбука, Асан кайгы, Санчы сынчы, Толубай сынчы, Жээренчи чечен, Токтогулга окшогон легендарлуу ойчул-акындарыбыздын тасаввуф жана тарикаттардын таасиринде калгандыктары анык. Анткени учурда колдонулуп жүргөн диний жана тасаввуфий (мистикалык) мүнөздөгү айрым макал-лакап, накыл сөздөр дал ошол легендарлуу ойчулдарыбызга барып такалары айтылып келет. Өзгөчө Кокон хандыгы тарабынан жүргүзүлгөн ***көчмөн элди диндарлаштыруу*** саясаты, XIX кылымда кеңири тарай баштаган, көз караштары тасаввуф жана тарикатчылыкка ыкталган заманчыл-акындардын агымынын пайда болуусуна негиз болгон. Жада калса тасаввуф/тарикатчылыкка таандык айрым элементтер «Манас» эпосунун мазмунунун ичине да сиңип кирген. Мисалы, эпосто тасаввуфий мүнөздөгү Кызырдын Манаска кеңеш берип, жол көрсөткөндүгү баяндалат. Башкача айтканда, Кызыр тарикаттардагы пирдин милдетин аткарат. Ошону менен катар эпосто ашкере жазмыш түшүнүгүнө байланышкан сөздөр да көп кездешет.

Демек, заманчыл-акындардын пикирлеринин түпкүрүндө тасаввуфтун орду чоң. Өзгөчө аларды Орто Азияга кеңири таанымал болгон Ахмат Ясави жана Хаким ата аты менен атагы чыккан Сулайман Бакыргани тарабынан курулган тарикат окуусунун улантуучулары катары эсептөөгө болот. Анткени *замана* агымы мына ошол Ясавинин «Хикматынан», Бакырганинин «Акыр заманынан» шыкак алгандай маанай тартуулайт. Алардын колдонгон методдорундагы, дүйнөгө болгон көз караштарындагы, чыгармаларындагы тематикалардагы, колунда комуз ойнотуп ырдаган төкмө акындык өнөрлөрүндөгү окшоштуктар жогорудагы пикирдин эң негизги күбөсү.

Заманчыл-акындар орчундуу окуяларды жана алардын чыгуу себептерин кыяматка жакындашып бараткан ***«замана»*** контексинин ичинде карайт. Бирок бардык нерсе барып Аллахтын улуулугуна жана *«бешене жазуусуна»* такалат. Ошондуктан, жаратылган пенделердин бешенелерине жазылгандарга ыраазы болуулары керек экендигине басым жасалат. Ал эми алардын ыктыярдуулугу маселеси кеңири каралбай, көмүскөдө калып кеткен.

Заманчыл-ойчулдар жашоонун жакшырышы динге көз каранды деп калктын канын эмген башкаруучу төбөлдөргө, дин кызматкерлерине жана кошоматчыларга кыяматты, анын алааматтарын жана акыретти эстетип, акыбалды аз да болсо жөнгө салууну көздөшкөн. Чындыгында алардын мындай демилгелери мактоого татыктуу болгону менен мунун теологиялык жагы унутта калып кеткен. Тактап айтканда, ыр саптары жана пикирлеринде кыямат, анын алааматтары, Жаратkandын жазалоочулугу, кабыр азабы жана тозокко байланыштуу нерселер көп колдонулуп, Жаратkandын сүйүүсү, адилеттүүлүгү, мээримдүүлүгү ж.б. сыпаттары эстен чыгып, Аллах жети кабат тозогу менен ашкере коркула турган затка айланган.

Ал эми демократ-акындардын социалдык жана моралдык түшүнүктөрүнүн негизин ***«адамды аздектегендүнүйө»*** түзгөн. Ошондуктан аларды ошол доордун акыйкатчылары деп айтууга болот. Анткени, алар адамды алдаган түрдүү түшүнүк жана катмарларды маданияттуу түрдө тилдин курчтугу менен сынга алышып, калың катмардын укуктарын жакташкан. Бирок демократ-акындардын мындай социалдык теңсиздик жана туура эмес диний түшүнүктөр (дин эмес) менен болгон күрөшүн учурунда коммунисттик партия идеологиялык кызыкчылыктарын чыңдоо максатында курал катары колдонушкан. Натыйжада демократ-акындарды атеист катары көрсөтүшүп, теист жана реакциячыл деп таанытkan заманчыл-акындарга каршы коюшкан. Албетте, азыркы күндө мындай негизсиз идеялар өз баасын алып, акыйкаттын аныкталып жаткан учуру.

Демократ-акындардын дин кызматкерлери менен айрым диний түшүнүктөрдү сынга алышкандыктары анык. Бирок бул алардын атеист

экендиктерин көрсөтпөйт. Балким араларынан кээ бирлери азил-чынга аралаштырып, исламдын ишеним негизине туура келбеген нерселерди айтып алышкандыр. Бирок бул жүрөктөрүнүн түпкүрүндө жаткан Жаратканга болгон ишенимдин бар-жок экендигинин анык далили эмес. Демократ-акындар жөнүндө бир гана айтаар нерсе, алар элди эзген бийлик төбөлдөрү менен ашкере моюн сунуучулукту үгүттөп, кабыр, тозок, Жараткандын жазалоочулугу менен коркуу сезимди козгоп, калктын диний ишенимдери менен ойногон тарикатчыларды катуу сынга алып келишкен. Ошондуктан демократ-акындардын азил-чын аралашкан чыгармалары куулук менен куржундарын кампайтып келишкен эшен-кожолордун жоруктарынын адепке, адамгерчиликке, деги эле динге да туура келбестигин айигинелеп турат.

Тасаввуф жана тарикатчылар тарабынан көбүрөөк колдонулуп, калктын түшүнүктөрүнө сиңишип кеткен айрым Ашариликке таандык теориялар канчалык деңгээлде жакшы ниетте айтылса да, натыйжада Аллах тааланы боорукерликтин булагы эмес, коркуунун башаты катары көрсөтүп коет. Бекеринен ориенталисттер, атеисттер, жада калса Мутазила бул нерселерге басым жасабагандыр жана алардын айткандарынын айрымдары төркүндүү. Ошондуктан Матуриди айткандай, убакыт жана мейкиндикке баш ийген ***ыктыярдуу адамдардын аң-сезими*** менен тагдырды тар кылып баалоо туура эмес. Жараткан пенделеринин ар бирисинин тагдырларын билет. Анын илими чексиз жана убакыт менен мейкиндикке баш ийбейт. Анткени Аллах дал ошол убакыт менен мейкиндиктин да жаратуучусу.

Бирок 70 жылдык *динсиздештирүү/Аллахсыздаштыруу* саясаты бир канчасын динден үркүтүп, айрымдарынын динге болгон көз караштарын таптакыр башка нукка салып койду. Албетте, жалгыз илимий атеизмдин динсиздештирүү саясаты мунун эң негизги фактору боло албайт. Ал факторлордун арасында мусулмандардын өздөрүнүн сүйүү жана боорукерликтен алыс Аллах түшүнүктөрү да бар. Анткени айрым жерлерде Жараткан жаратылгандарды каалагандай калчап, ары-бери жакка мажбурлаган заттай чагылдырылып калган. Аллахтын адилеттүүлүгүнө ишарат кылган акырет жашоосу болсо адамдагы ашкере ***коркуу сезимин*** ойготкон куралдай сүрөттөлгөн. Аллахтын мээрими эненин балага болгон мээриминен алда канча күчтүү делген ж.б. буга жакын аят-хадистер унутта калып, натыйжада Жараткандын сүйүүсү, Жаратканды сүйүү жана сый-урмат аралашкан коркуу сезими (таква) өз маанисин бир аз жоготуп алган. Албетте, мында биринчиден, психологиялык жактан өзгөрүүнү бат кабылдаган жаш балдар үчүн кабыр азабынын, тозоктун жана Жараткандын жазалоочулугунун көп колдонулушу; экинчиден, Ашариликтин таасири менен пендеге ыктыярдуулук ыйгарбаган Аллах түшүнүгү негизги ролду ойногон деп айтууга болот.

ABBYY FineReader 14 Click here to buy www.ABBYY.com
ABBYY FineReader 14 Click here to buy www.ABBYY.com

Ошону менен бирге совет доорунда жаралган руханий боштук эгемендүүлүктөн кийин түрдүү диний секта, агым жана жамааттардын ишеним, доктрина жана идеологиялары менен толтурулууда. Кыргыз элинин ишеним жана маданиятына жат келген көпчүлүк диний секта жана топтордун өкүлдөрү учуру келгенде ориенталисттер менен атеисттер тарабынан пайдаланылган жогорудагы сындарды колдонуп келишкен жана колдоно бермеги турган кеп. Ошондой эле ишеним эркиндигине жамынган мындай топтор акча жана кооз сөздөр менен элди өз таасирине тартууга умтулуулары улана бермекчи. Ошондуктан ата-бабаларыбыз илгертен бери карманып келген диний баалуулуктарды, башкача айтканда ишеним жагынан Жаратkandын улуулугун, боорукердигин, адилеттүүлүгүн, илиминин чексиздигин ж.б. сыпаттарын даңазалап, адам баласынын ыктыярдуулугунун бар экенин далилдөөгө аракет кылган Матуридиликтин жана амал жагынан Абу Ханифанын окуусунан калыптанган ***салттуу ислам түшүнүгүн*** туура, так үйрөнүү жана үйрөтүү учурдун талабы.

ABBYY FineReader 14 Click here to buy www.ABBYY.com

ABBYY FineReader 14 Click here to buy www.ABBYY.com

**Диссертациянын негизги мазмуну автордун төмөндөгү публикацияларында чагылдырылган:**

***Монографиялар:***

1. Кыргыздардын дүйнө таанымында Аллах түшүнүгү. – Ош, 2013. – 9 б.т.
2. Ислам (ишеним, ибадат, адеп-ахлак). – Ош, 2013. – 12 б.т.

***Макалалар:***

1. Кыргыздардын үрп-адатына ислам дининин тийгизген таасири // Международная научная конференция “Ислам в Центральной Азии”.Вестник Ошского Государственного Университета.Специальный выпуск. – Ош, 2004. – 0.3 б.т.
2. Диндин коомдук туруктуулукту сактоодогу орду жана ролу // Ош мамлекеттик университетинин теология факультетинин илимий журналы. – Ош, 2013. – № 18-19. – 0.7. б.т.

***Которгон илимий макалалары:***

1. Сарахсинин өмүр таржымалы жана чыгармалары жөнүндө кыскача эскертүүлөр // Ош мамлекеттик университетинин теология факультетинин илимий журналы. – Ош, 2007. – № 12. – 0.4. б.т.
2. Ааламдын тили – тавхид дини // Ош мамлекеттик университетинин теология факультетинин илимий журналы. – Ош, 2007. – № 16-17. – 1.3. б.т.
3. Ислам, саясат жана коопсуздук // И. Арабаев атындагы Кыргыз Мамлекеттик Университетинин жарчысы. 5-чыгарылышы. – Бишкек, 2013. – 1.7. б.т.